**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨЗГӨЧӨ КЫРДААЛДАР МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО ЧРЕЗВЫЧАЙНЫХ СИТУАЦИЙ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

---

# Б У Й Р У К
# П Р И К А З

2024-ж. "29" января № 2-Д Бишкек ш.

## Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин түзүмдүк, ведомстволук жана аймактык бөлүктөрү тарабынан жеке жана юридикалык жактарга берилүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттарын бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги тарабынан көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жогорулатуу боюнча милдеттерди ишке ашыруу максатында, "Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 10-февралындагы № 85 "Мамлекеттик органдары, алардын түзүмдүк бөлүмчөлөрү жана ведомстволук мекемелери көрсөтүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестрин (тизмегин) бекитүү жөнүндө" токтомуна, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-мартындагы № 115 "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү мамлекеттик башкаруунун аткаруу органдарына өткөрүп берүү жөнүндө" токтомуна ылайык **буйрук кылам:**

1. Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин түзүмдүк, ведомстволук жана аймактык бөлүктөрү, тиркемедеги жеке жана юридикалык жактарга берилүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттарын бекитишсин.
2. Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин массалык маалымат каражаттары жана калк менен иштөө башкармалыгынын башчысы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 26-февралындагы № 117 "Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын расмий жарыялоо булактары жөнүндө" токтомуна ылайык үч күн ичинде ушул буйруктун расмий жарыяланышын камсыз кылсын.

Б.Э. Ажикеев

3. Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Жарандык коргонуу башкармалыгынын башчысы:

1) расмий жарыяланган күндөн тартып үч жумушчу күндүн ичинде ушул буйрукту эки нускада, мамлекеттик жана расмий тилдерде, кагаз жана электрондук алып жүрүүчүлөргө жарыялоо булагын көрсөтүү менен Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн жөнөтсүн;

2) ушул буйрук күчүнө кирген күндөн тартып үч жумушчу күндүн ичинде эки нускада, мамлекеттик жана расмий тилдерде буйруктун көчүрмөсүн Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына маалымат үчүн жөнөтсүн.

4. Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин түзүмдүк, ведомстволук жана аймактык бөлүмдөрүнүн жетекчилери:

1) ушул буйруктун 1-пункту менен бекитилген мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттарын жетекчиликке алсын жана сактасын;

2) муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын мындан ары жогорулатуу жана оптималдаштыруу боюнча чараларды көрүшсүн;

3) мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттарын веб-сайттарга жана маалыматтык такталарга жайгаштырышсын;

5. Көрсөтүлгөн мамлекеттик кызматтардын талаптагыдай ишке ашыруу жоопкерчилиги Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин мамлекеттик кызматтарды көрсөтүүчү түзүмдүк, ведомстволук жана аймактык бөлүмдөрүнүн жетекчилерине жүктөлсүн.

6. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министринин биринчи орун басары А.М. Мамбетовго жүктөлсүн.

7. Буйрук тиешелүү тараптарга жеткирилсин.

8. Бул буйрук расмий жарыяланган күндөн жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Министр**
**генерал-майор** **Б.Э. Ажикеев**

Кыргыз Республикасынын
Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин
2024-жылдын "29" январь
№ 20 буйругу менен бекитилген

**Кыргыз Республикасынын**
**Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин түзүмдүк, ведомстволук жана аймактык бөлүктөрү тарабынан жеке жана юридикалык жактарга берилүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн**
**СТАНДАРТТАРЫ**

**I бөлүм.** Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Сыноо лабораториясы тарабынан көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттары

**II бөлүм.** Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Гидрометеорология кызматы тарабынан көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттары

**III бөлүм.** Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Жарандык коргонуу адистерин даярдоо жана кайра даярдоо борбору тарабынан көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттары

**IV бөлүм.** Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Куткаруучуларды даярдоочу мамлекеттик борбору тарабынан көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттары

**V бөлүм.** Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Суучулдарды даярдоо жана суу алдындагы техникалык иштерди аткаруу борбору тарабынан көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттары

**VI бөлүм.** Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Тоо кырсыгынан куткаруу кызматы тарабынан көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттары

Кыргыз Республикасынын
Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин
2024-ж. "29" январь
№ 2-Л буйругу менен бекитилген

**I бөлүм.** Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Сыноо лабораториясы тарабынан көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттары

| **1. Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн паспорту** | | |
|---|---|---|
| 1. | Кызмат көрсөтүүнүн аталышы | Курулуш конструкцияларын жана текстиль материалдарын өрткө каршы иштелип чыккан сапатын баалоо боюнча лабораториялык изилдөөлөрдү жүргүзүү.<br>Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестри (тизмеси) 5-глава, 67-пункт. |
| 2. | Кызмат көрсөткөн мамлекеттик органдын (мекеменин) толук аталышы | Жарандык коргонуу, өрт коопсуздугу, суу объекттеринде адамдын коопсуздугун камсыз кылуу, гидрометеорология, мамлекеттик материалдык резерв системасын башкаруу жаатында бирдиктүү мамлекеттик саясатты ишке ашыруучу Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы (мындан ары – КР ӨКМ), Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Сыноо лабораториясы, Бишкек ш., көч. Литовская (Кийизбаева), 206а. |
| 3. | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнү алуучулар | а) жеке адамдар:<br>- жыгачтан, темирден, текстилдик конструкциялардан же отко чыдамдуу тазалоону талап кылган имараттарды же жайларды (мындан ары - коргоо объектилери) ээлик кылуу же эксплуатациялоо;<br>б) юридикалык жактар:<br>– коргоо объекттерин иштеткен ишканалар;<br>– мамлекеттик кызматтарды алууга кызыкдар коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдар жана мекемелер. |
| 4. | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнү | Ченемдик укуктук актылар:<br>– Кыргыз Республикасынын Конституциясы; |

| | | |
|---|---|---|
| | алуунун укуктук негизи | – “Өрт коопсуздугу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;<br>–«Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;<br>– Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 22-августундагы № 381 “Кыргыз Республикасындагы өрт коопсуздугунун эрежелерин бекитүү жөнүндө” токтому;<br>– Евразия экономикалык биримдигинин «Өрт коопсуздугуна жана өрт өчүрүү каражаттарына талаптар жөнүндө» техникалык регламенти (ЕАЭБ ТР 043/2017);<br>– Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы № 262 “Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин айрым маселелери жөнүндө” токтому;<br>–Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин 2020-жылдын 7-апрелиндеги № 350 буйругу менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Сыноо лабораториясы жөнүндө жобо. |
| 5. | Көрсөтүлгөн мамлекеттик кызматтардын акыркы жыйынтыгы | Сыноо протоколдорун берүү |
| 6. | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн шарттары | Кызмат көрсөтүү белгиленген санитардык ченемдерге жооп берген бөлмөдө, кезексиз, жеңилдетилген категориядагы жарандарга кезексиз көрсөтүлөт;<br>– бардык жарандардын имаратка жана санитардык-гигиеналык жайларга (дааратканалар, жуунуучу жайлар) тоскоолдуксуз кирүү мүмкүнчүлүгү болсо;<br>–уюмда күтүү жайлар, дааратканалар, жылытуу, суу, телефон бар;<br>– жарандардын жеңилдетилген категориялары (Улуу Ата мекендик согуштун катышуучулары, |

| | | |
|---|---|---|
| | | Улуу Ата мекендик согуштун майыптары, оорукта кызмат өтөгөндөр, кош бойлуу аялдар) кезексиз тейленет. |
| 7. | Мамлекеттик кызматтарды көрсөтүүнүн мөөнөтү | Кызмат көрсөтүүнүн узактыгы 10 календардык күндү түзөт, эгерде коргоо объекттери аралыкта жайгашкан болсо, сыноолорду өткөрүү мөөнөтү арыз берүүчү менен макулдашылат. |
| **Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнү керектөөчүлөргө маалымат берүү** | | |
| 8. | Керектөөчүгө көрсөтүлүүчү кызматтар (керектүү маалыматтын тизмеси) жана аларды стандартташты-рууга жооптуу мамлекеттик орган жөнүндө маалымат берүү | Мамлекеттик кызматтарды көрсөтүү жөнүндө маалыматты төмөндөгүдөн алууга болот:<br>–Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинде жана анын расмий сайтында (www.mchs.gov.kg);<br>– электрондук почта боюнча: od_mchs@mes.kg;<br>– электрондук кызматтардын мамлекеттик порталында: (www.portal.tunduk.kg);<br>720033, Бишкек шаары, Манас проспектиси, 101/1.<br>Коомдук кабылдама: 0 (312) 32-30-70;<br>Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин иш күндөрү:<br>09-00дөн 18-00гө чейин;<br>тыныгуу 12-30дан 13-30га чейин.<br>Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Сыноо лабораториясы,<br>Бишкек шаары, Литовская көч., 206а.<br>Байланыш телефондору: (0312) 53-22-23, 53-13-96.<br>Электрондук почта: ipl-agps@mail.ru<br>Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Сыноо лабораториясынын иш күндөрү: саат 09-00дөн 18-00гө чейин,<br>тыныгуу 12-30дан 13-30га чейин.<br>Маалыматтар мамлекеттик жана расмий тилдерде берилет.<br>Кызматты алуу ыкмасы, шарттары, мөөнөттөрү, мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн наркы жана төлөө тартиби жөнүндө маалымат, даректер, телефондор (банктык реквизиттер), ошондой эле мамлекеттик кызмат |

| | | |
|---|---|---|
| | | көрсөтүүлөрдүн ушул стандарты расмий сайтында жана маалымат тактачаларында жайгаштырылган. |
| 9. | Кызмат көрсөтүү жөнүндө маалыматты жайылтуу ыкмалары (баардык мүмкүн болгон ыкмаларды сүрөттөп же атап берүү) | Көрсөтүлүүчү кызмат жөнүндө маалыматтын берилиши кайрылган адамдын баарына кепилденет жана төмөнкү булактардан берилет:<br>- Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин сайтында: www.mchs.gov.kg;<br>- Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Сыноо лабораториясы (0312) 53-22-23, 53-13-96.<br>- электрондук дарек: ipl-agps@mail.ru;<br>- Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин коомдук кабылдамасы: +996 (312) 32-30-70;<br>- маалымат тактачаларында;<br>- жеке байланыш аркылуу;<br>- Электрондук кызматтардын мамлекеттик порталы аркылуу: https://portal.tunduk.kg |
| Тейлөө жана мамлекеттик кызмат көрсөтүү | | |
| 10. | Келүүчүлөр менен пикир алышуу | Тиешелүү документти берүүгө жооптуу кызматкерлердин иш бөлмөлөрүнүн эшигинде маалымат тактарлары орнотулган;<br>– кызмат көрсөтүүчү бардык кызматкерлердин фамилиясын, атын, атасынын атын жана ээлеген кызмат ордун көрсөтүүчү персоналдаштырылган тактарлары бейджи (төш белгилери) болот;<br>–бардык кызматкерлер кызматтык нускамаларды (функционалдык милдеттерди) жана колдонуудагы мыйзамдарды бузууга жол бербеген кесиптик жана этикалык стандарттарды сактоого, жарандарга карата этиканы, көз карандысыздыкты жана объективдүүлүктү камсыз кылуу, кызыкчылыктардын кагылышын болтурбоо;<br>- медициналык-социалдык себептер боюнча өзгөчө муктаждыктары бар адамдар үчүн (улгайган пенсионерлер, согуштун жана эмгектин ардагерлери, кош бойлуу аялдар) |

| | | |
|---|---|---|
| | | байланыш жана кызмат көрсөтүү аларга түшүнүктүү жана жеткиликтүү формада жүргүзүлөт. |
| 11. | Купуялуулукту камсыздоо ыкмалары | Керектөөчү жана ага көрсөтүлүүчү кызмат жөнүндө маалымат тиешелүү мамлекеттик органдардын талабы боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган негиздер боюнча гана берилиши мүмкүн. |
| 12. | Керектүү документтердин тизмеси жана/же мамлекеттик кызмат көрсөтүүнү керектөөчүлөрдүн иш-аракеттеринин тизмеси | Кызматты алуу үчүн керектөөчү төмөнкү документтерди берет:<br>– жазуу жүзүндөгү арыз (өз колу менен же уюмдун бланкына жазылган);<br>– адамдын реквизиттери жана келишим түзүү үчүн башка керектүү документтер;<br>Кызмат көрсөтүүчү Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына ылайык жеке маалыматтар субъектинин макулдугу менен, анын ичинде анын жеке маалыматтарын чогултуу жана иштеп чыгуу үчүн электрондук документ түрүндө башка мамлекеттик органдардан жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан "Түндүк" ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү тутуму аркылуу арыз ээси жөнүндө маалымат алууга укуктуу.<br>Кызмат көрсөтүүнү алуу үчүн, керектөөчүнүн аракеттеринин тартиби, ошондой эле, бардык талап кылынган документтердин үлгүлөрү жана бланктары берилүүчү кызмат көрсөтүүлөр белгиленген жерлердеги маалымат тактачаларында жана ыйгарым укуктуу органдын расмий веб-сайтында: www. mchs.gov.kg өз убагында жаңыртылып турууга тийиш. |
| 13. | Акы төлөнүүчү мамлекеттик кызматт көрсөтүүнүн наркы | Кызматтын көрсөтүүнүн наркы Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин расмий сайтында (https://www.mchs.gov.kg) жана маалымат |

| | | |
|---|---|---|
| | | стендинде жайгаштырылган Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы менен макулдашылган прейскурант боюнча аныкталат. Төлөө шарттары: төлөм үчүн берилген эсеп-фактуранын негизинде накталай эмес төлөм. |
| 14. | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн сапатынын параметрлери | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн сапаты төмөнкү критерийлер менен аныкталат:<br>–кызмат көрсөтүүнүн өз убагында болушу;<br>– тараптардын келишим боюнча өз милдеттенмелерин толук аткаруусу;<br>–кызмат жеткиликтүү түрдө көрсөтүлөт, жашы, жынысы, улуту жана дини боюнча басмырлоо жокко чыгарылат;<br>– сылыктыкты жана этиканы көрсөтүү;<br>– кызмат көрсөтүү, мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр стандартына ылайык, ГОСТ боюнча тиешелүү тестирлөө ыкмасына ылайык көрсөтүлөт. |
| 15. | Электрондук форматта кызмат көрсөтүү | Кызмат тестирлөө үчүн үлгүлөрдү тандоо/кабыл алууну кошпогондо, кызмат көрсөтүүнү алууга суроо-талапты (өтүнмөлөрдү) кабыл алуу бөлүгүндө электрондук форматта, электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталы - portal.tunduk.kg аркылуу көрсөтүлөт.<br>Кызматка электрондук арыз берүү үчүн арыз ээси электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталында (portal.tunduk.kg) каттоодон өтүшү керек.<br>Онлайн интерактивдүүлүктүн 3-стадиясы (веб-баракчада электрондук түрдө арызды толтуруу жана аны кагазга чыгарбастан мамлекеттик органдын кароосуна кабыл алуу функциясы бар). |
| Мамлекеттик кызмат көрсөтүүдөн баш тартуу жана даттануу тартиби | | |
| 16. | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүдөн баш тартуу | Кызмат көрсөтүүдөн баш тартуу мүмкүнчүлүктөрү:<br>– эгерде сыноо үчүн жарыяланган материал сыноо ыкмасы үчүн ГОСТко ылайык келбесе; |

| | | |
|---|---|---|
| | | – керектөөчү ушул стандарттын 12-пунктунда көрсөтүлгөн зарыл документтерди бербеген учурда. |
| 17. | Даттануу тартиби | Кызмат туура эмес көрсөтүлсө, керектөөчү Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин жетекчилигине оозеки же жазуу жүзүндө даттанууга укуктуу.<br>Жазуу жүзүндөгү даттануу эркин формада берилет жана анда кызмат көрсөтүүнү керектөөчүнүн фамилиясы, аты, атасынын аты, жашаган дареги, телефон номери, ошондой эле даттануунун маңызы, кызматты керектөөчүнүн колу жана датасы камтылууга тийиш.<br>Ыйгарым укуктуу кызматкер даттанууну каттайт жана 1 жумушчу күндүн ичинде жетекчиликке кароого жөнөтөт.<br>Даттанууларды жана кайрылууларды кароо белгиленген тартипте Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин жетекчилиги же даттанууларды кароого ыйгарым укуктуу Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин бөлүм/кызматкери тарабынан жүргүзүлөт.<br>Жазуу жүзүндөгү кайрылууну кароо жана керектөөчүнүн жооп алуу мөөнөтү ал катталган күндөн тартып 14 күндөн ашпоого тийиш.<br>Даттануу боюнча кабыл алынган чечимге нааразы болгон учурда керектөөчү сот тартибинде чечимге даттанууга укуктуу. |
| 18. | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн стандартын кайра карап чыгуунун мезгилдүүлүгү | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн стандарты үч жылда бир жолудан кем эмес үзгүлтүксүз каралып турат. |
| | **2. Мамлекеттик кызматтардын паспорту** | |
| 1. | Кызмат көрсөтүүнүн аталышы | Курулуш материалдарынын өрт-техникалык мүнөздөмөлөрүн аныктоо боюнча сыноолорду жүргүзүү. |

| | | |
|---|---|---|
| | | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестринин (тизмесинин) 5-глава, 68-пункт. |
| 2. | Кызмат көрсөткөн мамлекеттик органдын (мекеменин) толук аталышы | Жарандык коргонуу, өрт коопсуздугу, суу объекттеринде адамдын коопсуздугун камсыз кылуу, гидрометеорология, мамлекеттик материалдык резерв системасын башкаруу жаатында бирдиктүү мамлекеттик саясатты ишке ашыруучу Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы (мындан ары - КР ӨКМ), Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Сыноо лабораториясы, Бишкек ш., Литовская көч. (Кийизбаева), 206а. |
| 3. | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнү керектөөчүлөр | а) жеке адамдар:<br>жыгачтан, темирден, текстилдик конструкциялардан же отко чыдамдуу тазалоону талап кылган имараттарды же жайларды (мындан ары - коргоо объектилери) ээлик кылуу же эксплуатациялоо;<br>б) юридикалык жактар:<br>–коргоо объекттерин иштеткен ишканалар;<br>– мамлекеттик кызматтарды алууга кызыкдар коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдар жана мекемелер. |
| 4. | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнү алуунун укуктук негизи | Ченемдик укуктук актылар:<br>–Кыргыз Республикасынын Конституциясы;<br>– «Өрт коопсуздугу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;<br>–«Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;<br>– Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 22-августундагы № 381 “Кыргыз Республикасындагы өрт коопсуздугунун эрежелерин бекитүү жөнүндө” токтому;<br>Евразия экономикалык биримдигинин “Өрт коопсуздугуна жана өрт өчүрүү каражаттарына талаптар жөнүндө» техникалык регламенти (ЕАЭБ ТР 043/2017); |

| | | |
|---|---|---|
| | | – Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы № 262 “Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин айрым маселелери жөнүндө” токтому;<br>–Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин 2020-жылдын 7-апрелиндеги № 350 буйругу менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Сыноо лабораториясы жөнүндө жобо”. |
| 5. | Көрсөтүлгөн мамлекеттик кызматтардын акыркы жыйынтыгы | Сыноо протоколун берүү |
| 6. | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн шарты | Кызмат көрсөтүү белгиленген санитардык ченемдерге жооп берген бөлмөдө, жеңилдетилген категориядагы жарандарга кезексиз көрсөтүлөт;<br>– бардык жарандардын имаратка жана санитардык-гигиеналык жайларга (дааратканалар, жуунуучу жайлар) тоскоолдуксуз кирүү мүмкүнчүлүгү болсо;<br>–уюмда күтүү жайлар, даарatkаналар, жылытуу, суу, телефон бар;<br>– жарандардын жеңилдетилген категориялары (Улуу Ата мекендик согуштун катышуучулары, Улуу Ата мекендик согуштун майыптары, тыл кызматкерлери, кош бойлуу аялдар) кезексиз тейленет. |
| 7. | Мамлекеттик кызматтарды көрсөтүүнүн мөөнөтү | Кызмат көрсөтүүнүн узактыгы 30 календардык күндү түзөт, эгерде коргоо объекттери аралыкта жайгашкан болсо, сыноолорду өткөрүү мөөнөтү арыз берүүчү менен макулдашылат. |
| | Керектөөчүлөргө мамлекеттик кызмат көрсөтүү боюнча маалымат берүү | |
| 8. | Керектөөчүгө көрсөтүлүүчү | Мамлекеттик кызматтарды көрсөтүү жөнүндө маалыматты төмөндөгүдөн алууга болот: |

| | | |
|---|---|---|
| | кызматтар (керектүү маалыматтын тизмеси) жана аларды стандартташты-рууга жооптуу мамлекеттик орган жөнүндө маалымат берүү | –Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинде жана анын расмий сайтында (www.mchs.gov.kg);<br>–электрондук почта боюнча: od_mchs@mes.kg;<br>– Электрондук кызматтардын мамлекеттик порталында: (www.portal.tunduk.kg);<br>720033, Бишкек шаары, Манас проспектиси, 101/1;<br>Коомдук кабылдама: 0(312) 32-30-70.<br>Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин иш күндөрү: 09-00дөн 18-00гө чейин, тыныгуу 12-30дан 13-30га чейин.<br>Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Сыноо лабораториясы,<br>Бишкек ш., Литовская көч., 206а.<br>Байланыш телефондору: (0312) 53-22-23, 53-13-96.<br>Электрондук почта: ipl-agps@mail.ru.<br>Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Сыноо лабораториясынын иш күндөрү: 09-00дөн 18-00гө чейин, тыныгуу 12-30дан 13-30га чейин.<br>Маалыматтар мамлекеттик жана расмий тилдерде берилет.<br>Кызматты алуу ыкмасы, шарттары, мөөнөттөрү, мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн наркы жана төлөө тартиби жөнүндө маалымат, даректер, телефондор (банктык реквизиттер), ошондой эле мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн ушул стандарты расмий сайтында жана маалымат тактасында жайгаштырылган. |
| 9. | Кызмат көрсөтүү жөнүндө маалыматты жайылтуу ыкмалары (бардык мүмкүн болгон ыкмаларды | Көрсөтүлгөн кызмат жөнүндө маалымат менен камсыз кылуу арыз берген ар бир адамга кепилденет жана төмөнкүлөр берилет:<br>- Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин сайтында: www.mchs.gov.kg;<br>- Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Сыноо лабораториясы (0312) 53-22-23, 53-13-96. |

| | | |
|---|---|---|
| | сүрөттөө же атап берүү) | - электрондук дарек: ipl-agps@mail.ru;<br>- Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин коомдук кабылдамасы: +996 (312) 32-30-70;<br>- маалымат тактачаларында;<br>- жеке байланыш аркылуу;<br>- Электрондук кызматтардын мамлекеттик порталы аркылуу: https://portal.tunduk.kg. |
| Тейлөө жана мамлекеттик кызмат көрсөтүү | | |
| 10. | Келүүчүлөр менен пикир алмашуу | Тиешелүү документти берүүгө жооптуу кызматкерлердин иш бөлмөлөрүнүн эшигинде маалымат тактары орнотулган;<br>– кызмат көрсөтүүчү бардык кызматкерлердин фамилиясын, атын, атасынын атын жана ээлеген кызмат ордун көрсөтүүчү белги (бейдж) болот;<br>–бардык кызматкерлер кызматтык нускамаларды (функционалдык милдеттерди) жана колдонуудагы мыйзамдарды бузууга жол бербеген кесиптик жана этикалык стандарттарды сактоого, кызыкчылыктардын кагылышуусун болтурбай, арыз ээлерине карата этиканы, көз карандысыздыкты жана объективдүүлүктү камсыз кылууга;<br>-медициналык-социалдык себептер боюнча өзгөчө муктаждыктары бар адамдар үчүн (улгайган пенсионерлер, согуштун жана эмгектин ардагерлери, кош бойлуу аялдар) байланыш жана кызмат көрсөтүү аларга түшүнүктүү жана жеткиликтүү формада жүргүзүлөт. |
| 11. | Купуялуулукту камсыздоо ыкмалары | Керектөөчү жана ага көрсөтүлүүчү кызмат жөнүндө маалымат тиешелүү мамлекеттик органдардын талабы боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган негиздер боюнча гана берилиши мүмкүн. |
| 12. | Керектүү документтердин тизмеси жана/же мамлекеттик кызмат көрсөтүүнү | Кызматты алуу үчүн керектөөчү төмөнкү документтерди берет:<br>– жазуу жүзүндөгү арыз (өз колу менен же уюмдун бланкына жазылган); |

| | | |
|---|---|---|
| | керектөөчүлөрдүн иш-аракеттеринин тизмеси | – адамдын реквизиттери жана келишим түзүү үчүн башка керектүү документтер;<br>Кызмат көрсөтүүчү Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына ылайык жеке маалыматтар субъектинин макулдугу менен, анын ичинде анын жеке маалыматтарын чогултуу жана иштеп чыгуу үчүн электрондук документ түрүндө башка мамлекеттик органдардан жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан "Түндүк" ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү тутуму аркылуу арыз ээси жөнүндө маалымат алууга укуктуу.<br>Кызмат көрсөтүүнү алуу үчүн, керектөөчүнүн аракеттеринин тартиби, ошондой эле, бардык талап кылынган документтердин үлгүлөрү жана бланктары берилүүчү кызмат көрсөтүүлөр белгиленген жерлердеги маалымат тактачаларында жана ыйгарым укуктуу органдын расмий веб-сайтында: www. mchs.gov.kg өз убагында жаңыртылып турууга тийиш. |
| 13. | Акы төлөнүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн наркы | Кызматтын наркы Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин расмий сайтында (https://www.mchs.gov.kg) жана жана маалымат тактачасында жайгаштырылган Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы менен макулдашылган прейскурант боюнча аныкталат.<br>Төлөө шарттары: төлөм үчүн берилген эсеп-фактуранын негизинде накталай эмес төлөм |
| 14. | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн сапатынын параметрлери | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн сапаты төмөнкү критерийлер менен аныкталат:<br>–кызмат көрсөтүүнүн өз убагында болушу;<br>– тараптардын келишим боюнча өз милдеттенмелерин толук аткаруусу; |

| | | |
|---|---|---|
| | | –кызмат жеткиликтүү түрдө көрсөтүлөт, жашы, жынысы, улуту жана дини боюнча басмырлоо жокко чыгарылат;<br>–сылыктыкты жана этиканы көрсөтүү;<br>– кызмат көрсөтүү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр стандартына ылайык, ГОСТ боюнча тиешелүү тестирлөө ыкмасына ылайык көрсөтүлөт. |
| 15. | Электрондук форматта кызмат көрсөтүү | Тестирлөө үчүн үлгүлөрдү тандоо/кабыл алууну кошпогондо, кызмат көрсөтүүнү алууга суроо-талапты (өтүнмөлөрдү) кабыл алуу бөлүгүндө электрондук форматта, электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталы - portal.tunduk.kg аркылуу кызмат көрсөтүлөт.<br>Кызмат көрсөтүүгө электрондук арыз берүү үчүн арыз ээси электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталында (portal.tunduk.kg) каттоодон өтүшү керек.<br>3-онлайн интерактивдүүлүгү (веб-баракчада электрондук түрдө арызды толтуруу жана аны кагазга чыгарбастан мамлекеттик органдын кароосуна кабыл алуу функциясы бар) |
| Мамлекеттик кызмат көрсөтүүдөн баш тартуу жана даттануу тартиби | | |
| 16. | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүдөн баш тартуу | Кызмат көрсөтүүдөн баш тартуу мүмкүнчүлүктөрү:<br>– эгерде сыноо үчүн жарыяланган материал сыноо ыкмасы үчүн ГОСТка ылайык келбесе;<br>– керектөөчү ушул стандарттын 12-пунктунда көрсөтүлгөн зарыл документтерди бербеген учурда. |
| 17. | Даттануу тартиби | Кызмат талаптагыдай эмес көрсөтүлгөн учурда, керектөөчү Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин жетекчилигине оозеки же жазуу жүзүндө даттанууга укуктуу.<br>Жазуу жүзүндөгү даттануу эркин формада берилет жана анда кызмат көрсөтүүнү керектөөчүнүн фамилиясы, аты, атасынын аты, жашаган дареги, телефон номери, ошондой эле даттануунун маңызы, кызматты керектөөчүнүн колу жана датасы камтылууга тийиш. |

| | | |
|---|---|---|
| | | Ыйгарым укуктуу кызматкер даттанууну каттайт жана 1 жумушчу күндүн ичинде жетекчиликке кароого жөнөтөт.<br>Даттанууларды жана кайрылууларды кароо Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин жетекчилиги же Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин даттанууларды кароого ыйгарым укуктуу бөлүмү/кызматкери тарабынан белгиленген тартипте ишке ашырылат.<br>Жазуу жүзүндөгү кайрылууну кароо жана керектөөчүнүн жооп алуу мөөнөтү ал катталган күндөн тартып 14 күндөн ашпоого тийиш.<br>Даттануу боюнча кабыл алынган чечимге нааразы болгон учурда керектөөчү сот тартибинде чечимге даттанууга укуктуу. |
| 18. | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн стандартын кайра карап чыгуунун мезгилдүүлүгү | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн стандарты үч жылда бир жолудан кем эмес үзгүлтүксүз каралып турат. |

Кыргыз Республикасынын
Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин
2024-жылдын "29" январдагы
№2-Д буйругуна тиркеме

**II бөлүм.** Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Гидрометеорологиялык кызматы тарабынан көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызматтардын стандарттары

| 1. Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн паспорту | | |
|---|---|---|
| 1 | Кызмат көрсөтүүнүн аталышы | Метеорологиялык, агрометеорологиялык, гидрологиялык адистештирилген маалыматтарды берүү.<br>Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн бирдиктүү реестри (тизмеги), 6-глава, 10-пункт. |
| 2 | Кызмат көрсөткөн мамлекеттик органдын (мекеменин) толук аталышы | Кыргыз Республикасынын Жарандык коргонуу, өрт, радиациялык коопсуздук, суу объектилериндеги адамдардын коопсуздугу, гидрометеорология жана мамлекеттик материалдык резервди башкаруу тармагындагы бирдиктүү мамлекеттик саясатты жүзөгө ашыруучу ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган, Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Гидрометеорологиялык кызматы жана анын аймактык бөлүмдөрү.<br>Аймактык бөлүмдөрдүн тизмеси жана мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарты маалымат такталарында жана расмий веб-сайтта берилген |
| 3 | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнү алуучулар | Юридикалык жактар;<br>16 жаштагы жана андан өйдө жеке жактар (Кыргыз Республикасынын жарандары, чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар). |
| 4 | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнү алуунун укуктук негиздери | Укуктук ченемдик актылар:<br>– Кыргыз Республикасынын Конституциясы;<br>- «Кыргыз Республикасындагы Гидрометеорология иши жөнүндө»; |

| | | |
|---|---|---|
| | | -“Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө”;<br>– Кыргыз Республикасын Өкмөтүнүн<br>-“Мамлекеттик органдары, алардын түзүмдүк бөлүмчөлөрү жана ведомстволук мекемелери көрсөтүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестрин (тизмегин) бекитүү жөнүндө” 2012-жылдын 10 -февралындагы № 85 токтому;<br>-“Гидрометеорология чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын гидрометеорология жана жаратылыш айлана-чөйрөсүнүн булганышынын мониторинги боюнча маалымат берүү тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу” 2018-жылдын 16-июлундагы № 328;<br>-2021-жылдын 15-ноябрындагы № 262 «Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин айрым маселелери жөнүндө» токтому. |
| 5 | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн акыркы жыйынтыгы | Метеорология, агрометеорология, гидрология боюнча адистештирилген маалыматтарды фирмалык бланкта директордун же анын орун басарынын колу менен берүү. |
| 6 | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн шарттары | Кызмат көрсөтүү:<br>- белгиленген санитардык ченемдерге жооп берген имаратта;<br>- жандуу кезек күтүү тартибинде ишке ашырылат;<br>- жеңилдиктери бар жарандар (Улуу Ата мекендик согуштун катышуучулары, Улуу Ата мекендик согуштун майыптары, оорукта эмгектенгендер, кош бойлуу аялдар) кезексиз тейленет;<br>- жарандар үчүн санитардык-гигиеналык жайларды тоскоолсуз пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыздалган, анын ичинде ден-соолугу мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн пандустар, кармагычтар, дааратканалар менен жабдылган; |

| | | |
|---|---|---|
| | | - мекемеде күтүүчү орундар, суу түтүгү, телефон менен камсыздалган;<br>- маалымат алууда кезек күтүү болбойт;<br>- телефон аркылуу консультация алуу жолу менен алдын ала маалыматка ээ болуу мүмкүнчүлүгү бар;<br>- мамлекеттик кызмат арыз ээсинин тандоосу менен мамлекеттик же расмий тилде көрсөтүлөт. |
| 7 | Мамлекеттик кызматтарды көрсөтүүнүн мөөнөтү | Суроо-талапты кабыл алуу жана каттоо 10 мүнөттөн ашпайт, анын ичинде электрондук кызмат көрсөтүүлөр мамлекеттик порталы аркылуу дагы(www.portal.tunduk.kg);<br>- аткаруу мөөнөтү суралган маалыматтын көлөмүнө жараша болот (1 күндөн 28 күнгө чейин);<br>- метеорологиялык, агрометеорологиялык жана гидрологиялык адистештирилген маалыматтарды берүү акы төлөнгөндүгүн тастыктаган документтердин негизинде ишке ашырылат (төлөө тапшырмасы, квитанция) жана 5 мүнөттөн ашпайт. |
| Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнү керектөөчүлөргө маалымат берүү | | |
| 8 | Керектөөчүгө көрсөтүлүүчү кызматтар (керектүү маалыматтын тизмеси) жана аларды стандартташтырууга жооптуу мамлекеттик орган жөнүндө маалымат берүү | Мамлекеттик кызматтарды көрсөтүү жөнүндө маалыматты төмөнкү булактардан алууга болот:<br>- Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинен:<br>расмий web-сайт: www.mchs.gov.kg;<br>электрондук почта: od_mchs@mes.kg;<br>дареги: 720033, Бишкек шаары, Манас проспектиси, 101/1.<br>тел.: +996 (312) 32-30-70.<br>- Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Гидрометеорологиялык кызматынын дареги: Бишкек шаары, Керимбеков көчөсү, 1, тел.: (0312) 31-46-63.<br>Сайт: www.meteo.kg;<br>электрондук почта: meteo@meteo.kg.<br>Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин иштөө графиги: 09-00дөн 18-00гө чейин, түшкү |

| | | |
|---|---|---|
| | | тыныгуу 12-30дан 13-30га чейин, дем алыш күндөрү - ишемби, жекшемби.<br>Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Гидрометеорологиялык кызматынын иштөө графиги, иш күндөрү: 09-00дөн 18-00гө чейин, түшкү тыныгуу 12-30дан 13-30га чейин, дем алыш күндөрү - ишемби, жекшемби.<br>Электрондук кызмат көрсөтүүлөр мамлекеттик порталында (www.portal.tunduk.kg). |
| 9 | Кызмат көрсөтүү жөнүндө маалыматты жайылтуу ыкмалары (баардык мүмкүн болгон ыкмаларды сүрөттөп же атап берүү) | Көрсөтүлүүчү кызмат жөнүндө маалыматтын берилиши кайрылган адамдын баарына кепилденет жана төмөнкү булактардан берилет:<br>- Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин расмий сайтында: www.mchs.gov.kg;<br>- Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Гидрометеорологиялык кызматынын расмий сайтында: www.meteo.kg;<br>- электрондук почтасында: meteo@meteo.kg;<br>- Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин коомдук кабылдамасы: +996 (312) 32-30-70;<br>- Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Гидрометеорологиялык кызматынын телефон/факсы аркылуу +(996 312) 314663;<br>- маалымат такталарында;<br>- жеке байланышта;<br>- Электрондук кызмат көрсөтүүлөр мамлекеттик порталында (www.portal.tunduk.kg). |
| Тейлөө жана мамлекеттик кызмат көрсөтүү | | |
| 10 | Келүүчүлөр менен пикир алышуу | Жарандардын кайрылуулары боюнча журналга келүүчүлөрдү каттоо жана жеке кабыл алуу менен жүргүзүлөт. Келүүчүлөрдү кабыл алуучу кызматкер Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарын |

| | | |
|---|---|---|
| | | бузууга жол бербестен, кызматтык жана функционалдык милдеттерди, кесиптик-этикалык ченемдерди сакташы керек, жарандардын эркиндигин жана аларга карата калыс мамиле кылууну камсыздоо менен кызыкчылыктардын кагылышуусуна жол бербеши зарыл.<br>Келүүчүлөрдү кабыл алуучу кызматкердин аты-жөнү, кызмат орду көрсөтүлгөн маалымат белгиси же маалымат бейджи болот. Медициналык жана социалдык көрсөткүчтөр боюнча өзгөчө муктаждыктарга ээ болгон адамдар (таяныч-кыймыл тутуму боюнча ДМЧА, улгайган жарандар, согуштун жана эмгектин ардагерлери, кош бойлуу аялдар ж.б.) менен пикир алышуу жана кызмат көрсөтүү алар үчүн түшүнүктүү жана жеткиликтүү түрдө жүргүзүлөт.<br>Пикир алышуу мамлекеттик же расмий тилде ишке ашырылат. Келүүчүгө пикир алышуунун тилин тандоо укугу берилет |
| 11 | Купуялуулукту камсыздоо ыкмалары | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүдө жарандар жөнүндө жеке мүнөздөгү маалымат ачыкталбайт, кызматкерлер тарабынан жеке максатта пайдаланылбайт жана үчүнчү тараптарга берилбейт.<br>Керектөөчү жана ага көрсөтүлгөн кызмат жөнүндө маалымат тиешелүү мамлекеттик органдардын талабы боюнча Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарында каралган негиздер боюнча гана берилиши мүмкүн. |
| 12 | Керектүү документтердин жана/же мамлекеттик кызмат көрсөтүүнү керектөөчүлөрдүн иш-аракеттеринин тизмеги | Жеке жактар үчүн:<br>- арыз ээсинин өзүнүн колу коюлган, эркин формада жазылган арызы;<br>- өздүгүн тастыктоочу документтин көчүрмөсү;<br>- кызмат акысы төлөнгөн тууралуу квитанция (чек).<br>Юридикалык жактар үчүн:<br>- кайрылуу кат;<br>- каттоо тууралуу күбөлүктүн көчүрмөсү; |

| | | |
|---|---|---|
| | | - кызмат акысы төлөнгөн тууралуу квитанция (чек).<br>Электрондук кызмат көрсөтүүлөр мамлекеттик порталы (https://portal.tunduk.kg/.) аркылуу кайрылган учурда кайрылуучу порталга катталып жана порталдын нускамасында көрсөтүлгөн шарттарды аткарыш керек(https://portal.tunduk.kg/help_support) |
| 13 | Акы төлөнүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн наркы | Кызмат көрсөтүүнүн наркы Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы менен макулдашылган, расмий web-сайтта жана маалымат тактасында берилген баалардын прейскурантына ылайык аныкталат |
| 14 | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн сапатынын параметрлери | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн сапаты төмөнкүдөй критерийлер менен аныкталат:<br>- колдонуучунун каалоосу менен мамлекеттик же расмий тилде берилет;<br>- кызмат көрсөтүүнүн шарттарына жана мөөнөттөрүнө ылайык анын өз убагында берилиши жана ишенимдүүлүгү;<br>- адистештирилген маалымат Дүйнөлүк метеорологиялык уюмдун стандарттарына ылайык маалыматтарды топтоону, иштеп чыгууну жана сактоону камтыйт;<br>- жеткиликтүүлүк (басылма жана электрондук форматта);<br>- кызмат көрсөтүүлөрдү алган адамдардын жынысы, улуту, тили, майыптыгы, этностук таандыктыгы, диний ишеними, теги, мүлктүк же башка абалы боюнча басмырланышына жол бербөө;<br>– сылыктыкты жана этиканы көрсөтүү;<br>- көрсөтүлүүчү кызматтын көлөмү суроо-талапка шайкеш келет;<br>- окумдуулук (басылманын дааналыгы). |
| 15 | Электрондук форматта кызмат көрсөтүү | Электрондук кызмат көрсөтүүлөр мамлекеттик порталы аркылуу кызматты алууга өтүнмө (арызды) кабыл алуу бөлүгүндө электрондук форматта Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 7-октябрындагы №525 |

| | | |
|---|---|---|
| | | токтому менен бекитилген Электрондук кызмат көрсөтүүлөр мамлекеттик порталын пайдалануу эрежелерине ылайык көрсөтүлөт.<br>Электрондук өтүнмө жөнөтүү үчүн кайрылуучу электрондук кызмат көрсөтүүлөр мамлекеттик порталына катталуусу зарыл (portal.tunduk.kg).<br>Онлайн интерактивдүүлүктүн 3-стадиясы (веб-баракчада электрондук түрдө арызды толтуруу жана аны кагазга чыгарбастан мамлекеттик органдын кароосуна кабыл алуу функциясы бар). |
| Мамлекеттик кызмат көрсөтүүдөн баш тартуу жана даттануунун тартиби | | |
| 16 | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүдөн баш тартуу | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүдөн баш тартуу төмөнкүдөй учурларда мүмкүн:<br>- арыз ээси ушул стандарттын 3-пунктунун талаптарына дал келбеген учурда;<br>- керектөөчү тараптан ушул стандарттын 12-пунктунда көрсөтүлгөн керектүү документтер берилбеген учурда;<br>- суралып жаткан гидрометеорологиялык маалыматтар жок болсо. |
| 17 | Даттануунун тартиби | Кызмат көрсөтүү боюнча талаш маселелер келип чыккан учурда, керектөөчү белгиленген тартипте ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга кайрылууга укуктуу.<br>Талаптагыдай кызмат көрсөтүлбөгөн учурда керектөөчү, Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин же Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Гидрометеорологиялык кызматынын жетекчилигине оозеки же жазуу жүзүндө даттануу менен кайрылууга укуктуу.<br>Жазуу жүзүндөгү даттануу эркин түрдө жазылат жана керектөөчүнүн аты-жөнүн, жашаган дарегин, телефон номерин, ошондой эле доонун маңызын, |

| | | |
|---|---|---|
| | | керектөөчүнүн колун камтууга тийиш жана берилген күнү көрсөтүлөт. Ыйгарым укуктуу кызматкер даттанууну каттоодон өткөрөт жана 1 иш күнүнүн ичинде жетекчинин кароосуна жиберет. Даттанууларды жана кайрылууларды кароо Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин же Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Гидрометеорологиялык кызматынын жетекчилиги тарабынан белгиленген тартипте ишке ашырылат. Жазуу жүзүндөгү кайрылууну кароонун жана анын жообун алуунун мөөнөтү ал катталган күндөн баштап 14 күндөн ашпоосу керек. Даттануу боюнча кабыл алынган чечим канааттандырбаган учурда керектөөчү Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин же Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Гидрометеорологиялык кызматынын чечимине сот тартибинде даттанууга укуктуу. |
| 18 | Мамлекеттик кызмат көрсөтүү стандарттарын кайра карап чыгуунун мезгилдүүлүгү | Мамлекеттик кызмат көрсөтүү стандартынын кайрадан каралуу мезгилдүүлүгү дайыма үч жылда бир жолудан кем болбоого тийиш. |

Кыргыз Республикасынын
Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин
2024-ж. "29" январь
№2-Д буйругу менен бекитилген

**III бөлүм.** Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Жарандык коргонуунун адистерин даярдоо жана кайра даярдоо борбору тарабынан көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызматтардын стандарттары

| 1. Кызмат көрсөтүүнүн паспорту | | |
|---|---|---|
| 1 | Кызмат көрсөтүүнүн аталышы | Жарандык коргонуу тармагында өкмөттүк эмес уюмдардын, мекемелердин, коммерциялык түзүмдөрдүн адистерин жана жеке жактарды даярдоо жана кайра даярдоо.<br>Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестри (тизмеги), 1-глава, 112-пункт. |
| 2 | Кызмат көрсөтүүчү мамлекеттик органдын толук аталышы | Кыргыз Республикасынын Жарандык коргонуу, өрт, радиациялык коопсуздук, суу объектилериндеги адамдардын коопсуздугу жана гидрометеорология тармагындагы бирдиктүү мамлекеттик саясатты жүзөгө ашыруучу ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги (мындан ары - КР ӨКМ), Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Жарандык коргонуу адистерин даярдоо жана кайра даярдоо борбору (мындан ары - КР ӨКМне караштуу ЖКАДКДБ).<br>Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарты менен бирге аймактык бөлүктөрдүн тизмеси маалымат такталарында жана расмий веб-сайтта жайгаштырылат. |
| 3 | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн керектөөчүлөрү | Медициналык жактан каршы көрсөтмөсү жок жарандар (жеке жактар: КРнын жарандары, чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар); |

| | | |
|---|---|---|
| | | - мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү алууга кызыкдар болгон, уюштуруу-укуктук формасына карабастан юридикалык жактар же жеке ишкерлер (коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдар). |
| 4 | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнү алуунун укуктук негиздери | Ченемдик укуктук актылар:<br>– Кыргыз Республикасынын Конституциясы;<br>- Кыргыз Республикасынын “Жарандык коргонуу жөнүндө” Мыйзамы;<br>– “Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;<br>– Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 10-февралындагы № 85 “Мамлекеттик органдары, алардын түзүмдүк бөлүмдөрү жана ведомстволук мекемелери көрсөтүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестрин (тизмегин) бекитүү жөнүндө” токтому;<br>– Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы № 262 “Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин айрым маселелери жөнүндө” токтому. |
| 5 | Көрсөтүлгөн мамлекеттик кызматтардын акыркы жыйынтыгы | Жарандык коргонуу тармагында алган билимин ырастоочу билим берүү сертификаты. |
| 6 | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн шарттары | Мамлекеттик кызматтарды көрсөтүү жерине чыгуу менен төмөнкү учурларда жүзөгө ашырылат:<br>– белгиленген санитардык ченемдерге жооп берген жайларда практикалык иштерди даярдоодо жана өткөрүүдө;<br>– таркатуучу окуу материалдарын даярдоодо;<br>– жеке жана юридикалык жактарга окуу сабактарын өткөрүү үчүн Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарында белгиленген тартипте, КР ӨКМге караштуу |

| | | |
|---|---|---|
| | | ЖКАДКДБнын жайларын жана техникалык жабдууларын берүүдө;<br>– кабылдама болгондо (жарандардын арызын толтуруу үчүн жай, арыз ээси үчүн керектүү документтердин тизмегин көрсөтүү менен арыздарды толтуруунун үлгүлөрү);<br>– уюштуруу техникасы менен жабдылган окуу аудиториялары (компьютер, экран, диапроектор, принтер, ксерокс, факс, DVD, телевизор, фотоаппарат, видео-камера) болгондо;<br>– көрсөтүлүүчү кызматтар жөнүндө маалыматтарды жайгаштыруу менен маалымат такталары болгондо;<br>– жарандардын санитардык-гигиеналык жайларды (дааратканаларды, жуунуу бөлмөлөрүн) тоскоолдуксуз пайдалануусу камсыздалганда, анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн пандус, кармагычтар, жабдылган дааратканалар болгондо;<br>– мейманкана, ашкана, интернет, таркатуучу окуу материалдары, көчмө окуу сабактары үчүн “Тойота Хай Люкс” автомобилинин базасында мобилдүү-окутуу модулдары болгондо;<br>-жарандардын жеңилдик берилген категориялары (Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучулары, Улуу Ата Мекендик согуштун майыптары, ооруктун эмгекчилери, ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген жана таяныч-кыймыл аппараты бузулган адамдар, улгайган жарандар, кош бойлуу аялдар ж.б.) кезексиз тейленет.<br>Мамлекеттик кызмат көрсөтүү төмөнкүдөй түрдө жүзөгө ашырылат:<br>– арыз ээсинин тандоосу боюнча мамлекеттик же расмий тилде;<br>– электрондук кезек тартибинде. |
| 7 | Мамлекеттик кызматты көрсөтүүнүн мөөнөтү | 1) электрондук кызмат көрсөтүүлөр мамлекеттик порталы (www.portal.tunduk.kg) аркылуу автоматтык түрдө арызды кабыл алууга чектелген убакыт 10 мүнөткө чейин; |

| | | |
|---|---|---|
| | | 2) арызды кабыл алуунун жана кароонун мөөнөтү - 3 иш күндөн көп эмес.<br>3) келишим түзүүгө чектелген убакыт-40 мүнөт;<br>4) окутуу, даярдоо, кайра даярдоо, квалификацияны жогорулатуу боюнча кызмат көрсөтүүнүн жалпы мөөнөтү расмий веб-сайтта жана маалымат тактасында жайгаштырылган окуу Планына ылайык мамлекеттик жана расмий тилдерде жүргүзүлөт:<br>-кызмат көрсөтүүнүн мөөнөтү угуучулардын тобуна жараша 7 сааттан 72 саатка чейин;<br>-документтин түрлөрүнө жана тиешелүү түрдө аларды иштеп чыгуу үчүн жүргүзүлгөн иштердин көлөмүнө жараша бардык документтер (келишимде көрсөтүлгөн форс-мажордук жагдайлардан келип чыккан учурлардан тышкары), наркТЫН прейскурантына ылайык 1 ден 5 жумуш күнгө чейин даярдалат. |
| Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн керектөөчүлөрүнө маалымат берүү | | |
| 8 | Керектөөчүлөргө көрсөтүлүүчү кызматтар (керектүү маалыматтын тизмеги) жана аларды стандарттоого жоопту мамлекеттик орган жөнүндө маалымат берүү | Мамлекеттик кызмат көрсөтүү жөнүндө маалыматты төмөнкүлөрдөн алууга болот:<br>– КР ӨКМде жана анын расмий сайтында (www.mchs.gov.kg);<br>– электрондук почта боюнча: s.c.mchs@mchs.gov.kg;<br>– электрондук кызмат көрсөтүүлөр мамлекеттик порталында (www.portal.tunduk.kg);<br>– төмөнкү дарек боюнча,720033, Бишкек ш., Манас пр., 101/1, Жумабек көч, 203/1, тел.: (312) 323070, (312) 323812, факс (312) 323521.<br>Иштөө графиги: 09:00дөн 18:00гө чейин, тыныгуу 12:30дан 13:30га чейин.<br>Ишемби жана жекшемби – дем алыш күндөрү,723500, Ош шаары, Р. Муминова көч., 11, тел.: (3222) 72537.<br>Иштөө графиги: 09:00дөн 18:00гө чейин, тыныгуу – 12:30дөн 13:30гө чейин, |

| | | |
|---|---|---|
| | | ишемби жана жекшемби – дем алыш күндөрү.<br>– КР ӨКМге караштуу Жарандык коргонуу боюнча адистерди даярдоо жана кайра даярдоо борбору,Ленин айылы, Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин аскер шаарчасы, ПМК көч., 3, тел.: (312) 446 190, 446 191;<br>электрондук дарек: s.c.mchs@mchs.gov.kg;<br>иштөө графиги: 09:00дөн 18:00гө чейин, тыныгуу 12:30дан 13:30га чейин,<br>ишемби жана жекшемби – дем алыш күндөрү |
| 9 | Мамлекеттик кызмат көрсөтүү тууралуу маалымат таратуунун ыкмалары | Көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызмат жөнүндө маалыматты таратуу төмөнкүлөр аркылуу жүзөгө ашырылат:<br>– радио, телекөрсөтүү, маалымат сайттары;<br>– жазуу жүзүндө;<br>– оозеки түрдө (телефон аркылуу, кызматкерлер менен жеке байланышта);<br>– корреспонденция:<br>– гезиттер, бардык кызыкдар адамдарга маалыматтык каттар;<br>– Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин расмий сайты (www.mchs.gov.kg);<br>– электрондук кызмат көрсөтүүлөр мамлекеттик порталы (www.portal.tunduk.kg);<br>– мамлекеттик жана расмий тилдердеги маалыматтык такталарда, буклеттерде, брошюраларда. |
| Тейлөө жана мамлекеттик кызмат көрсөтүү | | |
| 10 | Келүүчүлөр менен пикир алышуу | Келүүчүлөрдү жеке кабыл алуу жарандардын кайрылуулары боюнча журналга каттоо менен жүргүзүлөт.<br>Келүүчүлөрдү кабыл алуучу кызматкер, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузууга жол бербеген, жарандарга карата адептүүлүктү, көз карандысыздыкты жана калыстыкты камсыздаган, кызыкчылыктардын кагылышуусуна жол бербеген кызматтык жана функциялык милдеттерин, кесиптик-этикалык ченемдерди сактайт. |

| | | |
|---|---|---|
| | | Келүүчүлөрдү кабыл алуучу кызматкердин аты-жөнү жана кызмат орду көрсөтүлгөн маалымат тактасы же маалыматтык бейдж болууга тийиш.<br>Медициналык жана социалдык көрсөткүчтөр боюнча өзгөчө муктаждыктары бар адамдар (мүмкүнчүлүгү чектелген улгайган жарандар, согуштун жана эмгектин ардагерлери, кош бойлуу аялдар ж.б.) менен пикир алышуу жана кызматтарды көрсөтүү алар үчүн түшүнүктүү жана жеткиликтүү түрдө жүргүзүлөт.<br>Пикир алышуу мамлекеттик же расмий тилде жүзөгө ашырылат.<br>Келүүчүгө пикир алышуунун тилин тандоо укугу берилет. |
| 11 | Купуялуулукту камсыздоо ыкмалары | Мамлекеттик кызматты алууда жарандардын жеке маалыматтары жөнүндө маалымат ачыкка чыгарылууга жатпайт жана кызматкерлер тарабынан жеке максаттарда жана үчүнчү жактарга берүү үчүн колдонулушу мүмкүн эмес.<br>Керектөөчү жана ага көрсөтүлгөн мамлекеттик кызмат жөнүндө маалымат тиешелүү мамлекеттик органдардын суроо-талабы боюнча, Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарында каралган негиздер боюнча гана берилиши мүмкүн. |
| 12 | Керектүү документтердин жана/же мамлекеттик кызмат көрсөтүүнү керектөөчүлөрдүн иш-аракеттеринин тизмеги | Жеке адам үчүн:<br>– белгиленген үлгүдөгү арыз;<br>– ким экендигин ырастаган документтин көчүрмөсү.<br>Юридикалык жак үчүн:<br>– кайрылуу каты;<br>– каттоо жөнүндө күбөлүктүн көчүрмөсү.<br>Окуучулар сабактарга буйрукта көрсөтүлгөн мөөнөттө келүүгө, окуу графигин сактоого жана окуу планын өздөштүрүүгө милдеттүү.<br>Кызмат көрсөтүүчү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жеке маалыматтар субъектинин макулдугу менен, анын ичинде анын жеке маалыматтарын чогултуу жана иштетүү үчүн |

| | | |
|---|---|---|
| | | электрондук документ түрүндө башка мамлекеттик органдардан жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан “Түндүк” ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү тутуму аркылуу арыз ээси жөнүндө маалымат алууга укуктуу.<br>Кызмат көрсөтүүнү алуу боюнча керектөөчүнүн иш-аракеттеринин тартиби, ошондой эле бардык талап кылынган документтердин үлгүлөрү жана бланктары кызмат көрсөтүлүүчү жерлердеги маалымат тактачаларында жана ыйгарым укуктуу органдын расмий сайтында жайгаштырылат: www. mchs.gov.kg жана өз убагында жаңыртылып турууга тийиш. |
| 13 | Акы төлөнүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн наркы | Акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүү:<br>– мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн наркы Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин Жарандык коргонуу, өрт коопсуздугу, суу объекттеринде адамдардын коопсуздугу, гидрометеорология, мамлекеттик материалдык резерв системасын башкаруу жаатындагы бирдиктүү мамлекеттик саясатты жүзөгө ашыруучу ыйгарым укуктуу органынын буйругу менен монополияга каршы саясат чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган менен макулдашуу боюнча аныкталат;<br>– кызмат көрсөтүүнүн наркы жөнүндө маалымат менен электрондук кызмат көрсөтүүлөр мамлекеттик порталынан (www.portal.tunduk.kg) жана Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин расмий сайтынан (www.mchs.gov.kg) жана маалымат такталарынан таанышса болот.<br>Төлөө шарттары: төлөм үчүн берилген эсеп-фактуранын негизинде накталай эмес төлөм. |
